**«Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаменти тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин бекитүү жөнүндө» Бишкек шаарынын мэриясынын токтомунун долбооруна**

# НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМ КАТ

## 1. Максаты жана милдеттери

«Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаменти тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин бекитүү жөнүндө» Бишкек шаарынын мэриясынын токтомунун долбоорунун (мындан ары - токтом долбоору) максаты болуп төмөнкүлөр саналат:

- Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаменти тарабынан жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын административдик регламенттерин аткаруу;

- тийиштүү кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарынын талаптарын аткарууну камсыздоо, кызмат көрсөтүү процессинде аткарылуучу администрациялык-башкаруу жана башка аракеттерди оптималдаштыруу, ошондой эле кызмат адамдарынын жана кызматкерлердин кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты жана даярдоо мөөнөттөрү үчүн жеке жоопкерчиликтерин жогорулатуу.

## 2. Баяндоочу бөлүк

Бишкек шаардык кеңешинин 2019-жылдын 3-апрелиндеги № 97 «Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмдүк, аймактык бөлүмдөрү жана ведомствого караштуу мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын кошумча тизмегин жана алардын стандарттарын бекитүү жөнүндө» токтому менен бекитилген муниципалдык кызматтардын кошумча тизмесине ылайык, Бишкек шаарынын мэриясынын ведомстволук бөлүмдөрү тарабынан 36 муниципалдык кызмат көрсөтүлүп келет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтому менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына жеке жана юридикалык жактарга тийиштүү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы, алардын түзүмдүк, аймактык бөлүмдөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын жана административдик регламенттерин бекитүү боюнча ыйгарым укуктар берилген.

«Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаментинин муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттеринин 9 долбоору иштелип чыкты.

Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенти төмөнкүлөрдү аныктаган документ болуп саналат:

- аларды көрсөтүү жол-жоболордун топтому, тартиби, мөөнөтү жана жыйынтыктары, ошондой эле кызмат көрсөтүүнү аткаруучу - мекеменин кызмат адамынын жана кызматкерлеринин милдеттери;
- кызмат көрсөтүү процессинде ички ведомстволук жана ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнүн тартиби жана мөөнөттөрү;
- кызмат көрсөтүү процессинде жүргүзүлүүчү жол-жоболорду аткаруунун белгиленген тартибин жана мөөнөттөрүн сактоо үчүн жоопкерчилик жана контролдоо формасы.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 токтому менен бекитилген жобонун талаптарына ылайык, муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн административдик регламентинин стандартын жана административдик регламентин бекитүү жөнүндө ченемдик укуктук актынын долбоору мамлекеттик органдар менен милдеттүү түрдө макулдашылууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 16-январындагы № 26 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин иштеп чыгуу жана оптималдаштыруу тартиби жөнүндө жобонун талаптары ылайык, Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 4-ноябрындагы № 229 токтому менен муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр тутумун оптималдаштыруу боюнча жумушчу комиссия түзүлгөн.

Жогоруда көрсөтүлгөн муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттеринин долбоорлору жумушчу комиссиянын жыйынында каралган жана жактырылган. Көрсөтүлгөн долбоорлорду Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары менен макулдашууга жөнөтүү чечими кабыл алынды.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору.**

Токтом долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин өткөрүп берилген ченем жаратуу ыйгарым укуктарын ишке ашыруу тартиби жөнүндө жобо ылайык, токтом долбоору

коомдук талкулоо үчүн Бишкек шаарынын мэриясынын расмий сайтына жайгаштырылган.

Ошондой эле административдик регламенттердин долбоорлору коомдук талкуулоо үчүн Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук долбоорлорун талкуулоонун Бирдиктүү порталына жайгаштырууга жөнөтүлөт.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Берилген токтом долбоору колдонулуп жаткан мыйзамдардын, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзам тарабынан белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине карама-каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Токтом долбоорун кабыл алуу республикалык жана жергиликтүү бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарды талап кылбайт.

**7. Жөнгө салуучу таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Токтом долбоору жөнгө салуучу таасирин талдоого жатпайт, анткени ишкердик иш-аракеттерди жөнгө салууга багытталган эмес.

**Мэр** **Э.М. Абдыкадыров**